УДК:947/1|9(575/2)
DOI 10.33514/1694-7851-2019-4-7-11

**Бекмурзаева Г.К.**
И.Арабаев атындагы КМУнун Э.Маанаев атындагы ТСУББ факультетинин аспиранты
**Бекмурзаева Г.К.**
аспирант факультета ИСПО имени Э.Маанаева КГУ им. И.Арабаева
**Bekmurzaeva G.K.**
graduate studen Faculty of ISPO named after E. Maanaev, KSU I. Arabaev

## КЫРГЫЗСТАНДЫН ТАРЫХЫНДАГЫ КОМСОМОЛ УЮМУНУН ОРДУ

## МЕСТО КОМСОМОЛЬСКОЙ ОРГАНИЗАЦИИ В ИСТОРИИ КЫРГЫЗСТАНА

## PLACE OF THE KOMSOMOL ORGANIZATION IN THE HISTORY OF KYRGYZSTAN

**Аннотация:** Бул макалада автор тарабынан Кыргызстандын тарыхындагы мерчемдүү орун алган комсомол уюмударынын тарыхынын башаты каралды. Комсомол уюмунун тарыхынын калыптанышынын орчундуу тарыхый фактылардын негизинде биздин өлкөдө комсомол уюмдарын уюштуруу багытындагы алгачкы кадамдар чагылдырылды. ;Комсомол уюмунун уюштуруунун башатында турган атуулдарыбыздын кошкон салымдары менен бирге Совет бийлигин, социализмди куруудагы жаштар уюмдарынын орду устуртөн тастыкталды. Ошондой эле, комсомол уюмунун ата-мекендик тарыхта ээлеген ордун, социалисттик курулуш иштерине кошкон салымдарын чагылдырып кеткен ата-мекендик тарыхчылардын эмгектери белгиленди.

**Негизги сөздөр:** тарых, совет, партия, коммунисттик, комсомол, уюм, социализм, съезд, жаштар, жумушчу, дыйкандар.

**Аннотация:** В этой статье, автор рассматривает первых шагах становления комсомольских организаций, которые имеют значительное место в истории Кыргызстана На основе значительных исторических фактов становления комсомольских организаций, отражены первые шаги по направлении организации комсомольских организаций. Поверхностно отражены вклады граждан, которые стояли у истоков организации комсомольских организаций, а также, роль молодежных организаций в укреплении советской власти и строительства социализма. Вместе с тем, отмечены труды отечественных ученых, которые в своих трудах отразили роль комсомольских организаций в отечественной истории, о вкладах в деле социалистического строительства.

**Ключевые слова:** история, совет, партия, коммунисттик, комсомол, организация, социализм, съезд, молодежь, рабочий, крестьянство

**Resume:** In this article, the author considers the first steps in the formation of Komsomol organizations, which have a significant place in the history of Kyrgyzstan. Based on the significant historical facts of the formation of Komsomol organizations, the first steps in the direction of the organization of Komsomol organizations are reflected. Superficially reflected are the contributions

of citizens who were at the origins of the organization of Komsomol organizations, as well as the role of youth organizations in strengthening Soviet power and building socialism. At the same time, the works of domestic scholars are noted, which in their writings reflected the role of Komsomol organizations in domestic history, on contributions to the cause of socialist construction.

**Keywords:** history, council, party, communist, Komsomol, organization, socialism, congress, youth, worker, peasantry

Кыргызстандагы жаштар уюмдарынын тарыхы Совет доорунда башталгандыгы тарыхнаамалык булактардан белгилүү. Ошого байланыштуу, совет доорундагы жаштардын абалын жана өнүгүү өбөлгөлөрун талдоодо, анын калыптануу тарыхына кайрылуу абзел.

Совет бийлигинин алгачкы күндөрүнөн тартып совет бийлигин чыңдоо максатында коомдук ан-сезимди жанылоо жана жаштарды тарбиялоо тутумун түптөө боюнча ар тараптуу иш-аракеттер башталган. Иш-аракеттердин башаты болуп 1917-жылдын 26-июлунан 3-август аралыгында Петроград шаарында болуп өткөн РСДРП(б)нин 6-съездинде кабыл алынган пролетардык жаштар кыймылын өстүрүүгө жана жаштар союздарын уюштурууга багыт берген чечим болгон.

Ошондой эле бул съездде "Жаштар союздары жөнүндөгү" резолюциясында жаштардын келечектеги уюму менен анын программасынын теориялык негизи түзүлгөн. Ал чечимде коммунисттик “партиянын жетекчилигинин негизинде бүткулроссиянын аймактарында өз алдынча иш алып жатышкан”[1, с.5] жаштар уюмдарын бирдиктүү бир уюмга бириктирүү чечим болгон жана ал жаштар уюму Совет бийлигин бекемделишине коммунизмди куруу иштерине жумушчу жана дыйкан жаштарын тартуу жана уюштуруу максатын көздөгөн.

Ага улай 1918-жылдын 29-октябрында Жумушчу жана дыйкан жаштар союздарынын бүткүлроссиялык 1-съезди жаштар союздарын Россиялык Коммунисттик Жаштар Союзуна (РКСМ) бириктирип, анын Программасы менен Уставынын негизги принциптерин кабыл алган. Программада комсомолдун уюмдаштыруу жагынан түзүлүшүнүн жетекчилик принцибин аныктаса, Уставы комсомолдун негизги милдеттерин, уюмдаштыруу түзүлүшүн, комсомол мүчөсүнүн милдеттери менен укугун, уюм катары ички демократиянын негиздерин, комсомолдун жетекчи органдарынын түзүлүш тартибин, алардын максаттары менен милдеттерин камтыган.

Ошол кундон баштап жаштарды бириктирген комсомол уюму түзүлгөн, алгачкы күндон баштап жаштардын массалык коомдук-саясий уюму катары жаш жеткинчектерди коммунизмдин духунда тарбиялоо, аларды жаңы коомду курууга тартуу, коммунизмдин тушунда эмгектене турган жана коомдук иштерди башкара турган адамдарды тарбиялоо ишинде партиянын негизги жарддамчысы катары багыт алган.

1919-жылдын 16-октябрында Комсомолдун РКСМ 2 съезди болуп өткөн, бул съезде жаштар эл аралык жумушчу жаштарына пролетардык интернационализм духунда, бардык өлкөлөрдүн жаштары менен достошуу духундагы уюмду түзүү идеясы менен кайрылган, бул кайрылуунун негизинде 1919-жылдын 20-26 ноябрында Берлин шаарында эл аралык жаштар конгресси болуп өткөн. Бул конгресске 13 олконун 219мин жаштар уюмдарынан 29 делегат катышкан, Россия, Германия, Швейцария, Испания ж.б. Бул конгресс серб коммунисты Воислав Вуйовичти генералдык секретарь болуп шайланган[2, с.12]. Бул Жаштар коммунисттик интернационалы Комммунисттик интернационалдын мураскору катары пролетардык кыймылдын идеялык саясатын уланткан.

1920-жылдын октябрында В. И. Лениндин РКСМдин 3-съездинде сүйлөгөн программалык сөзү өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоодо партиянын жана комсомолдун жалпы ишинин негизи болуп калган. В. И. Лениндин "Жаштар союздарынын милдеттери жөнүндө" тарыхый сөзү партиянын жана комсомолдун иши үчүн өтө маанилүү теориялык жана программалык документ болду. Бул милдеттер Бүткүлсоюздук Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзунун алдында да иштөөнүн кенири аймагы ачкан. Большевиктик партия комсомолдун алдында жаны жооптуу милдеттерди койгон. Совет бийлиги орногон аймактарда комсомол уюмдарын уюштуруу максатында иштер жүрө баштаган.

Тарых барактарына кайрылсак, 1920-ж. РКСМдин 3-сьездине катышкан Жусуп Абдрахмановду атай кетсек болот. 1919-жылы ал Ж.Абдрахманов жаныдан уюшулган Россиялык Коммунисттик Жаштар Союзунун (комсомол)

РКСМдин Жетисуу областтык уюштуру Бюросуна мүчө болуп шайланат, андан кийин Туркстан бюросунун Президиум мүчөлүгүнө шайланган. Ар кыл жаштар союзунун ар аймактагы жыйындарына катышып, Туркстан крайынын, анын ичинде Кыргызстан комсомол кыймылын уюштурууда жигердүү эмгектенген. Алсак, алгач Комсомолдун Жетисуу областтык уюму аны комсомолдун крайлык биринчи курултайына делегат болуп шайланган. Ошол, 1920-жылдын 19-23 апрель аралыгында Верный шаарында отквн Жети-Суу областынын комсомолдорунун 1-съездинин ишине катышып Л. Бурый, Д. Бендюков, Г. Исеев, Г. Федеров, В. Федерова жана башкалар менен бирликте областынын комсомолдор ячейкалардын кенейишине жана ал ячейкалар аркылуу билимсиздикти жоюуга атайын комитеттерди уюштурушкан. Комитетинин мүчөлүгүнө шайлангандыгын ата-мекендик окумуштуу-тарыхчы Д.Сапаралиев “Жусуп Абдрахмановдун өмүр баянындагы айрым урунттуу учурларындагы жаны маалыматтар жөнүндө”[3] деген макаласында чагылдырган.

Комсомол уюмунун уюштурулушуна активдүү катышкандыгы үчүн РКСМдин III съездинен жолдомо алып, съездде биринчи жолу В. И. Ленинди көргөн жана аны менен сүйлөшкөн. Кыргыз элинен В. И. Ленин менен кездешип, андан көрсөтмө алган жалгыз гана Жусуп Абдракманов болуу керек” деп М. Маматкаимов өзүнүн “Сезимде жүргөн элестер” деген эмгегинде жазып кеткен[4, 45-б.].

Ал эми Кыргызстандагы комсомол уюмдарынын алгачкы жылдарына коз чаптырсак, биринчи жолу 1918-жылы Кызыл-Кыя шаарында 15 адамдан турган алгачкы комсомол уюму түзүлгөн. 1920-жылдан тартып бул уюм “жаштардын коммунисттик кошууну” деп аталган.

1925-жылы Кыргызстандын комсомол уюмдарынын борбордук комитетинин биринчи катчылыгына Осмонкул Алиев дайындалган.

Айыл жерлеринде ирилештирилип коллективдештирилген чарбалар-колхоздор жана совхоздор уюштурулган. Айыл-кыштактарда, шаарларда тез аранын ичинде сабатсыздыкты жоюу максатында «ликбез» деген, кечинде окуй турган боз үй, площадкалар комсомолдордун демилгеси менен уюшулган.

1925 -жылдын 25 майынан-1 июнуна чейин Пишпекте комсомол уюмунун уюштуруу боюнча 1-чи конференция болуп өткөн. Ошондуктан 25-майды Кыргызстандын комсомолунун уюшулган күнү катары тарыхтын беттеринде калган. Комсомол уюмунун тарыхында Кыргызстан ЛКСМдын алгачкы биринчи катчысы Алиев Осмонкул Игенбеавич белгилей кетсек болот. Ал, 1919 –жылы комсомол уюмунун катары мүчө болуп кирген жана Ташкент шаарынын комсомол уюмунун уюштуруу иштерине активдүү катышкан. 1924-ж. РКСМ Кыргыз обкомунун 1-катчысы, ал эми, 1925-жылы ВЛКСМдын Кыргыз уюштуруу конференциясында ал комсомол бюросунун биринчи секретары болуп дайындалган.

1919 –жылдын мартында Ош шаарында Фергана областтык комсомол комитетинин биринчи катчысы В. Н. Четвертаков жана РКП(б) Ош уездик-шаар комитетинин торагасы Николай Кондратьев баштарында турган жергиликтүү улуттардын жаштар союзунун эн алгачкы ячейкасы түзүлгөн. Бул ячейканын жооптуу катчысы болуп совет бийлигинин түштүктө орношуна жана бекемдешине белчемдүү салым кошкон Журахон Зайнобиддинов дайындалган интернет булактарынан баамдасак болот.

Кыргызстанды РКСМдин уездик комиттери –партиянын уездик-шаардык комитеттеринин жетекчилиги менен иш алып барышкан. Кыргызстан комсомолунун уезддик-шаардык комитеттери 1920-жылдан баштап Пишпек жана Каракол уездик комитеттерине караштуу мусулман бюролору, Кыргыз жаштарын комсомолго тартуу максатында 1922-жылы Ошто, дуңган жана уйгур жаштарынын арасында иштөө үчүн 1923-жылы Пишпекте, Караколдо бюро түзүлгөн. 1924-жылдын декабрында РКСМдин уюштуруу бюросунун чечими[5, с.22] боюнча комсомолдун уезддик-шаардык комитеттери таркатылып анын негизинде округдук комитетер түзүлгөн.

Жалпысынан, алганда, жаштар Совет бийлигинин алгачкы жылдарында өлкөнү индустриялаштырууга, коллективдештирүүгө салымын кошуп, активдүүлүгүн көрсөтүшкөн. Комсомолдордун 20-жылдардын башында саны аз болгондугуна карабастан, агартуу иштерине активдүү катышкандыгын, алар кыргыз тарыхында орду мерчемдүү экендиги талашсыз.

Жаштар уюмдарынын тарыхта ээлеген ордун изилдөө үчүн албетте олуттуу орунду ээлеген эмгектер катары ата мекендик изилдөөчүлөрдүн эмгектери негизги орунда десек жаңылышпайбыз. Кыргызстанда совет доорунда жаштардын өзгөчө комсомолдор эмне билүү керек жана эмнени түшүндүрүүлөөрү тийиш, колхоз, батрак жана кедей чарбаларына партиянын жана совет өкмөтүнүн колхоз курулушуна, колхозчуларга берилген жаны женилдиктери туралуу керектүү маселелер жыйнагы 1930 –жылы Ташкент шаарында басылып чыккан колдонмо, ошол мезгилдеги ар бир комсомол мүчөсүнө турмуш жолун аныктоого чон түрткү болгон.

Белгилей кете турган авторлордун бири Х.Юлдашев өзүнүн “Комсомолецтердин колхоздук өндүрүштү комплекстүү механизациялаштыруу үчүн күрөштө” деген эмгегинде комсомол уюмунун мүчөлөрүнүн колхоздордун калыптанып, өнүгүшүндөгү белгилүү салымдарын чагылткан. Ошол элу учурда комсомолдордун ар аймагындагы ири курулуштарындагы алгылыктуу салымдарын Э.Чылабаев “Олкөнүн эпкиндүү курулуштарында” деген эмгегинен баамдасак болот. Эмгектери кеңири белгилүү Э. Тазабеков айылдык жаштардын ойлорун, энсөөлөрүн жана коммунизмди куруудагы советтик жаштардын алгачкы кадамдарын чагылдырган.

Алардын ичинен Совет доорунун 20-30-жылдардагы Кыргызстандагы жаштар уюмдарынын ар кыл тармагынын калыптанышынын негиздерин түзгөн аспектилерди жана анын өнүгүшүн кеңири чагылдырган К.Султановдун “Масса менен бирге, массанын башында” [6]деген эмгегинде 20-30-жылдардагы өлкөдөбүздө билим берүү мекемелеринде октябряттар жана пионер уюмдарынын башында турган комсомол уюмунун ар кыл аймактардагы ишмердүүлүгүнүн социалдык маңызы кеңири чагылдырылган десек болот.

Бекеринен жаштар уюмдарын социалисттик түзүүчүлүктүн кубаттуу өбөлгөсү катары коомчулукта көз караштардын калыптангандыгын далилдеген О.Снегирева менен Н.Иванова [7] биргеликте жазган эмгегин атай кетсек болот.

Ошол эле учурда ата-мекендик илимпоз, тарых илимдеринин доктору, профессор А.Идинов Кыргызстандагы колхоздордун уюмдаштыруу-чарбачылык жактан чындалышын селолук партиялык уюмдардын 1951-1959-жылдардагы “селолук комсомолецтер жана жаштар социалисттик айыл чарбасынын гулдөшү үчүн күрөштө чыгармачылык демилгени, иштиктүүлүктү жана туруктуулукту көрсөтүп жатышат” деп жазып кеткен. Селолук жаштар алынган милдеттенмелерди орундатуу үчүн, айыл чарбасында жайылган бүткүл элдик социалисттик мелдеште активдүү катышуу менен бирге алардын эн биринчи милдети, колхоздор жана совхоздор мамлекеттин алдында өздөрунун милдеттенмелерин ийгиликтүү орундатууларына жана ашыра орундатууларына жетишүүлерүне камкордук керүү болуп эсептеле тургандыгын, А.Тилекеев А. “Кыргызстандын партиялык уюмунун айыл чарбасын жогорулатуудагы ролу” деген эмгегинде жазып кеткен.

1984-жылы жарык көргөн Г.А.Пядуховдун «Онүккөн социализмдин шарттарында КПССтин жаштарды партияга кабыл алуу иштеринин өнүктүрүү боюнча (1966-1980-жж. Киргизиянын Компартиясынын мисалында)» деген эмгегинде жана 1978, 22-июнунда «Вечерний Фрунзе» газетасында Т.Усубалиевдин «Партияга кабыл алуу жана партиянын мүчөлүгүнө кандидаттарды тарбиялоо»[8, с.2] деген макаласында жаштарды социалисттик мелдешке тартуу-комсомолдун маанилүү милдеттеринин бири экендигин белгилегендигин чагылдырган. Анын негизинде биздин өлкөнүн аймактарында комсомолдук бригадалардын ар бир мүчөсү комсомолдун алдында партия койгон талаптарды жогорку ан-сезимдүүлүк менен аткарып, партиянын мүчөлүгүнө кадам жасашкан.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1.Рязанцев С.Н. Киргизия.-М.,Государственное изд-во географической литературы. – М., 1951, -250с.

2.История комсомола. –М., 163с.

3.Сапаралиев Д. “Жусуп Абдрахмаевдун омур баянындагы айрым урунттуу учурларындагы жаны маалыматтар жонундо” Вестник КГУим. И.Арабаева

4. Маматкаимов М. М 22 Сезимде жүргөн элестер. – Ош 2009. – 384 б.

5. Дорофеева Н. Они стояли у истоков комсомола, -Ташкент, 1989, -176с.

6.Султанов К. Масса менен бирге, массанын башында. –Фрунзе, 1961, -131б.

7. Славные страницы комсомола // под ред. Иванова Н., Снегирева О. –Фрунзе, 1985, -154с.

8. Усубалиев Т. Прием в партию и подготовка кандидатов в члены партии //Вечерний Фрунзе, 1978, 22-июня, 2 стр.


**Рецензент: т.и.к., доцент Алымкулов К.**